# Жүрөгүм ай жүрөгүм

Сөзү: Мээркан Токсобаева.

Обону: Туратбек Дуйшеев.

Аткаруучу: Мурзаибраимова

Сайрагул Бекмаматовна

Жүрөгүм ай, жүрөгүм кагып турган.

Жүрө жүрө түйшүккө салып турган.

Жамандыкка келишпей жан дилинен.

Жакшылыкка жалындап жанып турган.

Жүрөгүм ай, жүрөгүм дүкүлдөгөн.

Жакшылыктан үмүтү үзүлбөгөн.

Деси кайтып кайрымсыз бир арзуудан.

Дагы сезим келээрин түшүнбөгөн.

Жүрөгүм ай, жүрөгүм ырга ынак.

Сүйүү ырын кулагыма сырга кылат.

Көңүлүмдүн каалоосун тыңшап койбой.

Мезгил чиркин жыласын бизди сынап.

Жүрөктөрдүн каалоосун тыңшап койбой

Мезгил чиркин жыласын бизди сынап

Жүрөгүм ай баардыгын сезип турган.

Жүлүнүмдү сыздатып эзип турган.

Маалы өтүп кеткенин моюнга албай.

Махабаттын дайрасын кечип турган.

Жамандыка келишпей жан дилинен.

Жакшылыкка жалындап жанып турган.

Жүрөгүм ай жүрөгүм кагып турган